# Саламатсыңарбы, сүйүктүү окуучулар!








## Күнүңөр кандай өттү?

## Кимде кандай өзгөрүүлөр, аракеттер, жаңылыктар бар?

**Бүгүнкү сабагыбызды силер менен өтүп жатканыма абдан кубанычтамын! ☺**

**Келгиле балдар, бири-бирибизди карап, жуп-жубубузга жагымдуу сөз арнайбыз!**

**Азаматсыңар, класста жагымдуу маанай жаратып алдык.**



Балдар, бүгүнкү сабагыбызды «Кыргызстандын ар бир ташы – тарых, топурагы - алтын» деген цитата менен баштагым келип жатат. Бул сүйлөмдүн өзөгүн тереңирээк сабактын жүрүшүндө кеңири түшүнөсүңөр деп ойлойм.







**Кана, балдар, анда биз сабагыбызды баштардан мурда, үй тапшырма менен өткөн сабакты бышыктап алалы. Таш доору боюнча хронологиялык таблицаны толтуруу тапшырмасы берилген. Боштуктарды толуктагыла.**

## Таш доору

**Байыркы таш доору (2,5 млн. – б.з.ч. 10-миң жылдыктар)**

- Эрте палеолит (2,5 млн. – б.з.ч. 10-миң жылдыктар)
- Ортоңку палеолит (б.з.ч. 140-40 миң жылдыктар)
- Соңку палеолит (б.з.ч. 40-10 миң жылдыктар)

**Соңку таш доору (б.з.ч. 10-3 миң жылдыктар)**

- Мезолит (б.з.ч. 10-5-миң жылдыктар)
- Неолит (б.з.ч. 5-3-миң жылдыктар)
- Энеолит (б.з.ч. 4-3-миң жылдыктар)

## Металл доору

**Бүгүнкү сабакта өтөбүз**



**Коло доору (б.з.ч. 3-1-миң жылдыктар)**

**Темир доору (б.з.ч. 1-миң жылдыктан башталат)**

**Азаматсыңар!**



# Тема: §4. Коло доору. Ош тургун жайы



**10-класс**

**Мугалим: Ашырбеков Алдияр Басарбекович**

**Бүгүнкү сабакта биз, баарыбыз биргеликте...**

- Коло доору;
- Кыргызстандагы Андронов жана Чуст маданияты;
- Саймалы-Таш байыркы сүрөт галереясы;
- Ош тургун жайы

***тууралуу бул убакка чейинки билген билимдерибизди бышыктап, жаңы билимдерди өздөштүрөбүз.***



# Коло доору


| КОЛО ДООРУ | |
|---|---|
| Башталган мезгили | Б.з.ч. 3-миң жылдык |
| Гүлдөгөн мезгили | Б.з.ч. 2-миң жылдык |
| Аяктаган мезгили | Б.з.ч. 1-миң жылдык |

**Коло доору – эмгек куралдары, тиричилик буюмдары колдонулган мезгил. Техника менен маданияттын өнүгүшү коло доорунда ылдамдаган.**



**Жакынкы Чыгышта кул ээлөөчүлүк мамлекеттерде жерди сугаруу, айдоо, кол өнөрчүлүк, жазуу иштери өнүккөн.**

**Ал эми, Борбор Азиянын түштүк-батышында отурукташкан дыйканчылык менен кесип кылган уруулар коло иштетүү жагынан жогорку деңгээлге жетишкен.**







Cu+Sn=коло

# Коло доорунда Кыргызстандын аймагында Андронов жана Чуст маданияттары өнүккөн

## Андронов маданияты

Бул кездеги адамдар казак талааларындагы жана Түштүк Сибирдеги элдер, уруулар менен байланышта бюолгон. Тектеш чарбалык маданий эстеликтерден улам алар Андронов маданияты деп аталып калган. Анткени Сибирдеги Ачинск шаарына жакын жайгашкан Андронов кыштагынын жанында бул маданияттын алгачкы эстелиги табылган.

Бул маданияттын бай кенчи Кочкор өрөөнүндөгү Шамшы айылынан, ошондой эле Аксай, Арпа өрөөндөрүнөн табылган. Археологдор Андронов маданиятындагы уруулардын бир катар турак-жайлардын, көрүстөндөрдүн жана аскага тартылган сүрөттөрүн табышкан.






*(Кыргызстандын аймагынан табылган Андронов маданиятына таандык табылгалар)*

Андронов маданиятындагы уруулар негизинен мал чарбачылыгы менен кесип кылышкан. Коло доорунда көчмөн мал чарбачылыгы пайда болгон.

Социалдык жактан коом үй-бүлө – урук – уруу болуп бөлүнгөн. Ата бийлиги үстөмдүк кылып, социалдык теңсиздик пайда болгон.



# Коло доорунда Кыргызстандын аймагында Андронов маданияты

**Коло доорундагы аскага тартылган сүрөттөр бул жөнүндө көп маалыматтарды берет. Алар Жалал-Абад областынын Тогуз-Торо районунун борбору Казарман кыштагына жакын Көк-Арт суусунун батышындагы Саймалы-Таш байыркы сүрөт галереясында (100 миңден ашык) топтолгон.**

**Саймалы-Таш – таш бетине чегилген сүрөттөрдүн эң чоң галереясы болуп эсептелет. Саймалы-Таш аркылуу коло доорунда жашаган адамдардын жашоо образын, материалдык жана руханий маданиятын, диний ишенимдерин талдоого болот.**



*(Саймалы-Таш петроглифтери)*



*(Петроглифтердин аннимациясын даярдоо үчүн эскиз алып жаткан учур)*

## Саймалы-Таш петроглифинин аннимациясы



## Саймалы-Таш аннимациялык видеосу тууралуу сурамжылоо

- Кымбаттуу, окуучу, төмөндөгү шилтеме менен кирип, Саймалы-Таш аннимациялык видеосу тууралуу кыскача сурамжылоого катышып беришиңизди өтүнөбүз. Алдын ала ыраазычылык билдиребиз!
- Сурамжылоонун түз шилтемеси: (Шилтеме Whats App группага да жөнөтүлдү)

https://forms.gle/TNdzLtGfrzVbqiwQ8




# Коло доорунда Кыргызстандын аймагында Чуст маданияты

**Чуст маданияты**

Кыргызстандын туштугундөгү Фергана өрөөнүндө байыркы дыйканчылыкка негизделген экинчи маданият өнүккөн. Ал шарттуу түрдө Чуст маданияты делип аталган. (Наманган областындагы Чуст кыштагынан ушул маданияттын алгачкы тургун жайы табылган)

Бул маданияттын өкүлдөрү арпа, буудай, сулуу өстүрүшкөн. Эгиндерди үйдүн ичиндеги оролорго сакташкан. Эгин жыйноодо таш орокторду пайдаланышкан. Кол өнөрчүлүк күчтүү өнүккөн.




Кыргызстанда Чуст тургун жайлары Өзгөндүн жанынан, Куршабдан, Ноокаттан табылган. Бул маданияттын Оштогу Сулайман тоосунда жайгашкан тургун жайы жакшы изилденген.






Коом социалдык жактан бай-кедей болуп жиктеле баштаган.



**«Жүрөгүндө оту бар жигиттер сөзсүз тарыхты билиш керек» деп улуу тарыхчыбыз Осмонаалы Сыдык уулу айткан. Биз азыр коло дооруна таандык Ош тургун жайы менен таанышабыз. «Жүрөгүндө Ошу бар, оту бар» деген Керим Тураповдун чыгармасын тыңдап, сабакты улантaлы.**




**Балдар, келгиле, Ош тургун жайынын так жайгашкан жерин Google Earth аркылуу 3D форматында көрүп, таанышып алалы.**




# Ош тургун жайы

Кыргызстандын түштүгүндөгү дыйканчылык кылган калктардын эң байыркы жана өзүнчө айырмалуу эстеликтеринин бири – Ош кыштагы болуп саналат.

Ош тургун жайы 1976-жылы жазында Ош шаарынын крайтаануу музейинин илимий кызматкери Сулайман тоосун ашып өтүүчү жолго байкоо жүргүзүп жатып, коло доорунун карапасы бар маданий катмардын чыгып калгандыгын байкаган. Андай карапа буга чейин чуст карапасы деп аталып калган.



*(Сулайман тоо)*




*(Ош тургун жайы)*

Ошол эле 1976-ж. жайында СССР Илимдер академиясынын Археология институтунун Ленинграддагы бөлүмүнөн Фергана экспедициясы Сулайман тоосун изилдей баштаган.

Казуу учурунда адам жашаган аянттагы чарбачылыкка пайдалануучу үч тегерек оросу бар сокмо топурактуу жер ачылган. Шагыл менен жабылган маданий катмардын калыңыдыгы 1 м жетет.

# Ош тургун жайы


Изилдөө 1978-1980-жж. аралыгында жүрүп, тургун жайдын жалпы көрүнүшүнө, үйлөрдүн түзүлүшүнө, чопо идиштердин тобуна, таштан жасалган буюм-тайымдарга ж.б. кеңири изилдөө жүргүзүлгөн.



*(Ош тургун жайынын табылгалары)*

Оролор, турак-жайлардан тышкары бетине кооз түр түшүрүлгөн идиштер кымбат жана сейрек болуп, аларга ээ болуу кадыр-барктуулуктун белгиси болуп эсептелген. Идиштерге, коздуктарга түшүрүлгөн орнаменттер утилитардык, эстетикалык жана символикалык мааниси болгон.

Ош тургун жайы 1976-жылы жазында Ош шаарынын крайтаануу музейинин илимий кызматкери Сулайман тоосун ашып өтүүчү жолго байкоо жүргүзүп жатып, коло доорунун карапасы бар маданий катмардын чыгып калгандыгын байкаган. Андай карапа буга чейин чуст карапасы деп аталып калган.




*(Ош тургун жайынын 3D көрүнүшү)*

Ош аймагындагы биринчи отурукташып, жер айдаган калктуу кыштак мындан 3 миң жыл мурда пайда болгондугу айкын. Орто Азиянын башка шаарларынын тегерегинен мындай байыркы эл, отурукташкан жерлер табыла элек.



# Викторина

(викторина өзүнчө даярдалган слайд аркылуу ойнотулат. Викторинанын слайдына өтүңүз)

| | | | |
|---|---|---|---|
| I баскыч КОЛО ДООРУ | 10 | 20 | 30 |
| II баскыч АНДРОНОВ ЖАНА ЧУСТ МАДАНИЯТЫ | 10 | 20 | 30 |
| III баскыч ОШ ТУРГУН ЖАЙЫ | 10 | 20 | 30 |

**Бышыктоо**

**Тест**



- **Тест №1. Коло доорунун гүлдөгөн мезгили кайсы?**
- *А) б.з.ч. 3-миң жылдык*
- *Б) б.з.ч. 1-миң жылдык*
- *В) б.з.ч. 2-миң жылдык*
- *Г) туура вариант жок*
- **Тест №2. Саймалы-Таш Кыргызстандын кайсы облусунда жайгашкан?**
- *А) Ысык-Көл*
- *Б) Ош*
- *В) Нарын*
- *Г) Жалал-Абад*

Азаматсыңар!



## Бышыктоо
## Тест



- **Тест №3. Чуст маданиятынын өкүлдөрү өсүмдүктүн кайсы түрүн өздөштүрүшкөн?**
- *А) дан өсүмдүктөрүн*
- *Б) чанактуу өсүмдүктөрүн*
- *В) мөмө-жемиштерди*
- *Г) ширелүү өсүмдүктөрдү*
- Тест №4. ***Ош тургун жайы _________ жайгашкан.***
- А) Арстанбап токоюнда
- Б) Кароол чокуда
- В) Сулайман тоосунун боорунда

Азаматсыңар!



# Жыйынтык

Балдар, бүгүнкү сабакты жыйынтыктай турган болсок, сабактын башында «Кыргызстандын ар бир ташы – тарых, топурагы - алтын» деп айтылганын эске . Сабактын жүрүшүндө жалпы баарыбыз чындап эле ар бир ташы тарых экенин аныктай алдык деп ойлойм. Баарыбыз тарыхый-архитектуралык мурастарды сактап, тарыхыбызды тереңдетип өздөштүрүп, келечек муунга татыктуу өткөрүп беребиз деп ишенем!





## Үйгө тапшырма:




**Жогорудагы Кыргызстан аймагындагы коло дооруна таандык эстеликтердин 3D форматын Google Earth аркылуу табып, пикир жазып келүү түзүү**

Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат!
Кийинки сабакта көрүшкөнгө чейин саламатта болуңуздар!



# Сабакта колдонулган медиа каражаттары

YouTube

Google Earth

Google

PowerPoint

Google Forms

BANDICAM

Ae



## Колдонулган булактар


1. Кыргызстандын тарыхы. Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин. 3 томдук. I т. Байыркы мезгилден XVII к. чейин / Башкы ред. кеңеш: А. Джуманалиев 3. –Б. «Кут-Бер», 2016.

2. Осмонов Ө., Мырзакматова А. Кыргызстандын тарыхы: урунттуу учурлар. Орто мектептин 10-кл. Үчүн окуу китеби. -Б.: «Билим-компьтер», 2012. 31-40-б.

3. Чоротегин Т., Өмүрбеков Т. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы (эзелки замандан тартып, б.з. IX к. башына чейин). Орто мектеп. 6-класс үчүн окуу китеби. -Б.: «Билим-компьтер», 2008. 13-18-б.


## Интернет булактары


1. http://www.science-journal.kg/media/Papers/ivk/2015/12/ivk-2015-N12-140-141.pdf.pdf


## Аудио булактар


1. Турапов К.Ы. «Кыргызымдын жүрөгүндө Ошу бар» чыгармасы


## Видео булактар


1. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин аннимациялык лабораториясында даярдалган петроглифтер боюнча даярдалган видео

2.https://earth.google.com/web/@40.52892453,72.78034983,1052.71975219a,699.30813087d,35y,-39.08888965h,60.00075494t,360r BandiCam программасы менен жаздырылган өздүк видео